# Протокол № 1

## Кемин району Шабдан Ата атындагы орто мектебинин директордун алдындагы кеңешмесинин көчүрмөсү

30.09.2019-жыл.

Катышканы: 28 мугалим.

Каралуучу маселе:

1. Окуучулардын окуу китеби менен камсыз болушу.
2. Дежурствонун уюштурулушу, күндөлүктөрдүн толтурулушу.
3. Класстык журналдарды текшерүүнүн жыйынтыгы.
4. Ар кандай маселелер.

Кеңешменин жүрүшү:

Мектептин директору кеңешмени ачып каралуучу маселе жана регламент менен тааныштырды.

Каралуучу 1-маселе боюнча китепканачы Индира Бозумовага сөз берди:

Угулду: 2019-2020 – жылга жалпы китептердин саны – 7818.

Адабий китептер – 3747.

Окуу китептер – 4071.

Таратылган китептердин саны – 4258.

Жетпеген китептердин саны – 581.

% менен берилген маалымдама тиркелет.

Сунуш: Класс жетекчилер окуу жылдын аягына чейин китептерди таза, жакшы сакталышына көңүл бурушса.

Жарыш сөздөр: Ырсалиева Миргуль – 9-класска литература китеп жетишпейт, история Кыргызстана жетишпейт.

Карагулова Айсулуу – жетпеген китептерди камкорчулар кеңешине кайрылуу жаздык алып келет болуш керек.

Оторбаева Гульбайра – 5-6-класстардын аренда төлөө боюнча бүгүн райондон ЭЛСОМ видеоролик жөнөттү. Ата-энелерге жеткизгиле. Ата-эне өздөрү төлөйт.

Китептерди сырттатып таза кармашына көңүл буруңуздар. Китеп канадан китеп алып окугула десеңер. Адабият боюнча көп китептер бар тилчи мугалимдер кошумча материалдар үчүн балдарга китеп окууну талап кылсаңар. Жогорку талкуудан кийин кеңешме чечим кылат.

Чечим:

1. Жетишпеген китептер камкорчулар кеңешинин жардамы менен толукталынсын камсыз кылуу суралсын.
2. Окуу жылынын аягына чейин китептердин сакталышын көзөмөлдөө предметник мугалимге жана класс жетекчилерге милдеттендирилсин.
3. 5-6 [illegible] китепке аренда төлөө боюнча видеороликти ата-

4. Кыргыз тил, орус тил мугалимдерине китепканада кошумча адабияттарды окуучулар алып окууга жандандыруу жагы жүктөлсүн.

Каралуучу экинчи маселе боюнча тарбия иштери боюнча директордун орун басары Айсулуу Карагуловага сөз берилди:

Угулду: Сентябрдын 2 синен баштап мугалимдердин, окуучулардын дежурствосу уюшулган. Графиктер илинип турат. Класс дежур болгондо класс жетекчи чогу дежур болуш керек. Мугалимдер дежурствону колго албай жатабыз. 7-30 дан 14-00 ге чейин дежур болуш керек. 2-смена 13-00 де келиш керек. Эрте келбей жатасыңар.

Окуучулардын күндөлүктөрү боюнча: маалымдама окуду, тиркелет.

Сунуш: 1. Дежур мугалим, дежур класс өз милдетин убагы менен туура аткаруу жагы каралсын.

2. Класс жетекчилер окуучулардын күндөлүктөрүнө өз убагында тапшырма жазылышын, предметтик сабактардан бааны коюлушун жума сайын текшерип турсун.

3. Башталгыч класстын мугалимдери окуучуларга күндөлүктү туура толтуруу эрежелерин үйрөтсүн.

Жарыш сөздөр: Оторбаева Гульбайра – дежурный мугалимдер эрте келбей жатасыңар. Эрте Кенжегулова Г., Тентимишева Г., Абдраимова Т. келет. Түштөн кийин мугалимдер дежурствону жакшы аткарбайсыңар.

Окуу жылы жаңы башталды азыртан колго алыш керек аткарбаса эскертүү, сөгүш берели.

Кудайкулова С. – дежурство колдон келет жалпы эле баарыбыз аткарганга аракет кылалы. Кеңешме чечим кылат.

Чечим:

1. Мектепте дежурствонун аткарылышын жандандырып өз убагы менен аткаруу жагы дежур мугалимдерге, класстарга, класс жетекчилерге милдеттендирилсин.
2. Окуучулар үчүн негизги документ мектепте күндөлүк болгондуктан кемчиликсиз толтуруу жагы колго алынсын.
3. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө А.Карагуловага жүктөлсүн.

Каралуучу 3-маселе боюнча окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Г.О.Сулаймановага сөз берилди:

Угулду: "1-чейректе журналдар текшерилип төмөнкүдөй жыйынтыкка келдик."

Маалымдама окулду тиркелет.

Сунуш: 1. Журнал өз убагында так, инструкциясы менен толтурулсун.

2. Жаш мугалим насаатчы менен толтурушу зарыл.

3. Аткарылышын ар бир класс жетекчиге предметтик мугалимге милдеттендирилсин.

4. Старттык текшерүү иштер жыл башында пландалып алынып жыйынтыгы журналга коюлушу колго алсын.

Жарыш сөздөр: Г.Оторбаева – бардык мугалимдер тажрыйбалуусуңар. Журнал биздин ишибизди көрсөтүүчү документ. Инструкцияны жакшы окуп туруп журнал толтуруу керек. Абдраимова "нб" ден жоктогон эмнең инструкцияны туура окубайсыңбы? Көпчүлүк журналдар толук толо элек экен бир ай өттү. Күнүмкүсүн күнүн толтуруу керек.

Кеңешме чечим кылат.

Чечим:

1. Ар бир класс жетекчи, предметтик мугалимге инструкция менен журнал толтуруу жагы милдеттендирилсин.
2. Журнал толтуруу да кетирилген кемчиликтер тез арада толукталсын, оңдолсун.
3. Жазуу иштеринин баалары журналга өз убагында коюу жагы ар предметтик мугалимге милдеттендирилсин.
4. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө Г.О.Сулаймановага жүктөлсүн.

Каралуучу 4-маселе боюнча мектеп директору төмөнкүлөрү билдирди.

Угулду: Бүгүн Райондо кеңешме болду. Төмөндөгүлөр айтылды.

1. Бүтүрүүчүлөрдүн эмгекке жайгашуусу.
2. Класс комплектилөө.
3. Китеп менен камсыз болушу.
4. КСШ-3-тө 8-класстын окуучусунун өлүмү тууралуу сөз болду.

9-классты бүтүп кеткен окуучулардын маалымдамасын тездеткиле. Кыздар жыйналашан өткөрүү керек. Август учету боюнча биз жүргүздүк. Негизи Айыл Өкмөтү жүргүзүп 20.08 – чейин бизге окуучулардын тизмесин бериши керек.

Окубай жүргөн окуучу бизде жок. Бирок, көзөмөл болуш керек. Талаа жумушуна чыгып кеткен окуучулар болбосун. Ата – энелер жыйналышында айтылган өз баласын чарба жумушуна үч күнгө арыз менен алса болот.

Г.О.Сулайманова – кеткен окуучулардын маалымдары боюнча 9-б класстын Болот уулу Айдардын маалымдасы жок № 18 – лицейде окуйт экен. Калган маалымдамалар толук.

Чечим:

1.Кыздар кеңеши, кыздар жүрүм туруму боюнча 1-октябрда өткөрүшсүн.
2.Кеткен окуучулардын маалымдамалары такталып 15-октябрга чейин районго берилсин.
3.Соц.педагог, класс жетекчилер тобокел тобундагы балдар менен жекече иш жүргүзүү колго алынсын.
4.Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөөнү мен өзүмө алам.

**Мектеп директору: Г.М. Оторбаева.**

**Катчы: М.Д.Жунушова.**

## Протокол № 2

## Кемин району Шабдан Ата атындагы орто мектебинин директордун алдындагы кеңешмесинин көчүрмөсү

11.10.2019-жыл.

1. 5-а, 5-б класстарынын билим сапатын жазуу иштери боюнча текшерүүнүн жыйынтыгы.
2. Старттык текшерүү иштердин жыйынтыгы.
3. Карылар күнүнө карата жумалыктын жыйынтыгы.

Кеңешменин жүрүшү:

Мектептин директору кеңешмени ачып каралуучу маселе жана регламент менен тааныштырды.

Каралуучу биринчи маселе боюнча окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Г.О.Сулаймановага сөз берилди:

Маалымдаманы окуду, тиркелет.

Жарыш сөздөр: Тентимишева Г. башталгыч класстын мугалимдери окуганды, жазганды үйрөтүп берсе жакшы болмок эле. 5-а, 5-б класстардын жазмалары начар, окуй албаган окуучулар бар. Мисалы: Саткынов, Абдыкеримов, Таштанов көчүрбөй койбойсуңарбы.

Оторбаева Г.М. – чындыгында 5-класска келгенде окуу техника жок, математикадан 5-а класста көбөйтүү эмес кошуу амалын билбеген окуучулар бар экен. Класста 25 окуучу, 10 окуучу математикадан төрт амал менен иштегенди билбейт. Кол жазмалары начар.

Канкулиева Ж. - кыргыз тилден жат жазуу жазалбайт. Көчүрүп жаздырсаң ошону да ката жазат: Бекбоев, Абдыкеримов, Саткынов, Ишенов.

Сулайманова Г.О. - орус класс кыргыз класска караганда тың экен.

Оторбаева Г.О. – жыл аягында 4-класстарды комиссия текшергенде терең кароо керек. Мугалимдин көңүлүнө карап жашырып, үстүртөн карап коюп жаткансыңарбы. Ошондуктан 5-класска келгенде жыйынтык начар болуп жатат.

Акматканова А. – начар үйбүлөөнүн балдары кандай окутсаң деле начар болот экен. Азыркы 1-класста деле ошол начар балдардын бөбөктөрү окуп жатат. Аябай начар. Аракет кылып эле жатам.

Жогору да айтылгандардын негизинде кеңешме чечим кылат.

Чечим:

1. Башталгыч класстын мугалимдери ата-энелер менен тыгыз байланышып, кол жазмаларына, шар окуганга үйрөтүүнү колго алышсын.
2. Начар окуучулар менен кошумча сабак өтүү менен иш жүргүзүлсүн.
3. 5-а, 5-б класстын начар окуучулар менен иштөөнү предметтик мугалимдер колго алсын.

Каралуучу экинчи маселе боюнча Сулайманова Г.О. старттык текшерүү иш боюнча маалымдама берилди.

Маалымдама тиркелет.

Төмөндөгүдөй чечим кабыл алынды.

Чечим:

1. Окуучунун билимин баалоодо көтөрмөлөбөй туура баалоо колго алынсын.
2. Жазуу иштери программага дал келгендей алышсын.

4. Текшерүү иштер өз убагында алынып, өз убагында өткөрүлсүн жана жыйынтык чыгарылсын.

Каралуучу үчүнчү маселе боюнча тарбия иштери боюнча директордун орун басары Карагулова А.А.

Шабдан Ата атындагы орто мектебинин 17.09.2019-жыл № 105 Буйругунун негизинде "Улгайган куракдагы адамдарга көңүл буруу жана камкордук" аттуу бир айлык өткөрүлдү. Маалымдама окулду, тиркелет.

Чечим:

1. Окуучуларды улгайган адамдарды сыйлоо, ыймандуу болууга тарбиялоо жана ар бир мугалимге, класс жетекчилерге милдеттендирилсин.
2. "Манас жаштары" уюмуна активдүү катышкан класстар: 4-а, 2-а, 2-б класстарына ыраазычылык билдирилсин.

**Мектеп директору: Г.М. Оторбаева.**

**Катчы: М.Д.Жунушова.**

# Протокол № 3

## Кемин району Шабдан Ата атындагы орто мектебинин директордун алдындагы кеңешмесинин көчүрмөсү

11.11.2019-жыл.

Катышканы: 27 мугалим.

Каралуучу маселе:

1. Мектептин иш кагаздарын толтурулушун текшерүүнүн жыйынтыгы.
2. Профилактикалык иштердин жүргүзүлүшүнүн жыйынтыгы.

Кеңешменин жүрүшү:

Мектептин директору кеңешмени ачып, каралуучу маселени жана регламентти бекитти.

Каралуучу 1-маселе боюнча мектептин профсоюз уюмунун жетекчиси А.Ч. Акматкановага сөз берилди;

Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча маалымдама окуду, тиркелет.

Жарыш сөздөр:

Г.М.Оторбаева – Сентябрь айында алфавиттик китепче такталат. Китепче менен 1-чейрек отчеттору дал келеби ошону дагы караш керек эле.

Мугалимдердин айлыгы кандай көтөрүлгөндүгү жөнүндө маалымдамада көрсөтүлсө болмок.

Иш кагаздар мамлекеттик тилде толтурулат.

Кенжегулова Г. – окуучулардын өздүк делолору такталды. Бардыгын класс боюнча санап чыктык.

Кеңешме төмөнкүдөй чечим кабыл алды.

Чечим:

1. Профсоюз уюму тарабынан текшерүүнүн жыйынтыгы канааттандырарлык деп бааланеын.
2. Мындан кийин текшерүү терең, кеңири текшерүү жагы каралсын.

Каралуучу экинчи маселе боюнча мектептин соцпедагогу А.А.Кармышевага сөз берилди:

Маалымдама окуду, тиркелет.

Жарыш сөздөр:

Г.М.Оторбаева – Тартип бузган, сабакты көп калтырган окуучу деле жок. Бирок окуучулар машина айдап жатышат. Ушул жагы жөнгө салынбай жатат.

Класс жетекчилер иш жүргүзсөңөр.

Соцпедагог жекече иш алып барсаң.

Айткулиева К. – Балдар форма кийбей келип жатат.

Бозумов С. – Профилактикалык кеңеш канча жолу кеңешме өткөрөсүңөр?

Кармышева А. – Ай сайын өтүлөт. Бирок одоно тартип бузуулар, терс көрүнүштөр болсо чогулуп карай беребиз.

Г.М.Оторбаева – "Мектепте рэкет барбы?" деген темада анкета жүргүзсөңөр.

Кеңешме чечим кылат.

Чечим:

1. Профилактикалык иш жандандырылып кээ бир тартипсиз окуучулар менен жекече иш жүргүзүү колго алынсын.
2. Декабрь айында "Мектепте рэкет барбы?" деген темада окуучулар арасында анкета жүргүзүлсүн.

Каралуучу үчүнчү маселе боюнча Г.О.Сулаймановага сөз берилди:

Маалымдама окуду, тиркелет.

1. Дептерлерди ар бир предметтик мугалим иретке келтирүүсү зарыл.
2. Башталгыч класс усулдук бирикмеге эскертүү – өз убагында дептерлер текшерилип, өз убагында маалымат өткөрүү.
3. Жетишпеген окуучулар менен жекече иштөө предметниктерге жүктөлсүн.

Жарыш сөздөр:

Г.М.Оторбаева – Ички көзөмөл жүргүзүүдө жалгыз эле администрацияга тиешелүү эмес. Жалпы мугалимдер, класс жетекчилер ар бир багыт боюнча көзөмөл кылуусу зарыл.

Шыктуу окуучулар менен иштөөнү жандандырып олимпиададан, ОРТ дан алдынкы орундарга чыгууну аракет кылсак.

План боюнча бардык эле иш-чаралар текшерилип жатат.

Усулдук бирикменин жетекчилери өз ишиңерди, милдетиңерди так аткарсаңар.

Карагулова А. – Окуучулардын сабакка катышуусун, кечигүүсүн класс жетекчилер көзөмөл кылсаңар.

Дежурный мугалимдер класстын тазалыгына баа койгондо жакшылап текшерип баа койсоңор.

Кеңешме чечим кылат.

Чечим:

1. Ички көзөмөлдүн жүргүзүлүшү план боюнча талапка жооп бергендей жүргүзүлсүн.
2. Предметтик мугалимдер, башталгыч класстын мугалимдери дептер текшерүү колго алып убагы менен маалымдамалар Г.О.Сулаймановага өткөрүлсүн.
3. Начар, шыктуу балдар менен иштөө мугалимдерге милдеттендирилсин.
4. Дежур мугалимдер милдетин так аткаруу жагы жүктөлсүн.
5. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө Г.О.Сулаймановага, А.А.Карагуловага жүктөлсүн.

**Мектеп директору: Г.М. Оторбаева.**

**Катчы: М.Д.Жунушова**

**Протокол № 4**

**Кемин району Шабдан Ата атындагы орто мектебинин директордун алдындагы кеңешмесинин көчүрмөсү**

Декабрь 2019-жыл.

Катышканы: 26 мугалим.

Каралуучу маселе:

1. 9-а, 9-б класстардын жалпы текшерүүнүн жыйынтыгы.

Кеңешменин жүрүшү:

Мектептин директору кеңешмени ачып каралуучу маселе менен тааныштырды.

Каралуучу 1-маселе боюнча Г.О.Сулаймановага сөз берилди:

Жазылган маалымдаманы окуду, тиркелет.

Сунуш:

1. Ар бир предметтик мугалим окуучулар менен интерактивдүү ыкмалар аркылуу билим сапаттарын жогорулатуусу зарыл.
2. Жаш мугалимдер тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына көп кирип, сабак өтүү ыкмаларына көңүл буруусу зарыл.
3. Сабакты начар өздөштүргөн окуучулар менен иш алып баруу системалуу түрдө өткөрүлүүсү керек.
4. Окуучулардын сабакка катышуусуна класс жетекчилер көңүл бурсун.

Жарыш сөздөр:

Г.М.Оторбаева – 9-а класста жалпы окуучулардын өздөштүрүүсү орто. Быйыл мамлекеттик экзамен берет. Мугалимдер даярдоо керек. Эң жакшы окуган окуучу жок. Башталгыч класстан фундамент начар келген. Ошондуктан ушундай жыйынтык болуп жатат. Коомдук иштерге дагы активдүү катышпайт.

9-б класстын билим деңгээли 9-а класска караганда жогору экен.

Айткулиева К. – Чындыгында эки класска тең сабак берем. 9-б класс активдүү көпчүлүгү жакшы окуганга аракет кылат.

Башталгыч класстан жакшы окуп келсе жогорку класста деле жакшы өздөштүрөт.

Тентимишева Г. – 9-а класс чындыгында орто 4 кыз бар кичине аракет кылымыш болот.

Өз алдынча иш алып бара албайт.

Карагулова А. – Тарбиялык иштери боюнча эки класс жетекчи тең убагы менен тарбия сааттарын өтүшөт.

9-б класс активный класс коомдук иштерге активдүү катышат. Өз алдынча көп иштерди аткарышат.

9-а класста андай активдүүлүк жок.

Жогоруда айтылгандардын негизинде кеңешме чечим кылат.

Чечим:

1. Предметтик мугалимдер начар өздөштүргөн окуучулар менен жекече иш алып баруу жагы колго алынсын.
2. Тажрыйбасы аз мугалимдерге тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына үзгүлтүксүз катышуу жагы милдеттендирилсин.
3. Класс жетекчилер тарабынан окуучулардын сабакка катышуусуна, сүйлөө маданиятына, жүрүм-турумуна көңүл буруу жагы күчөтүлсүн. Күндөлүктөрү жума сайын текшерилсин.
4. 9-а класстын өздөштүрүүсүнө караганда 9-б класстын сабакты өздөштүрүүсү алдыда экендиги бааланды.

Ырсалиева М. – маалымдама окуду, тиркелет.

Жарыш сөздөр:

Сулайманова Г.О. – титульный лист туура эмес толтурушат. 2-а класс диктантты ката жазат колдору начар. Күнүгө бир ата-эне чакырып сабакка катыштырса болот. Ата-эне менен иштеш керек.

Кудайкулова С. – 2-а класстын дептерлеринин сыртын өзүм жазып бергем. Кээ бирлери жоготуп жиберишкен. Начар окуучулар көп болуп жатат.

Г.Тентимишева – Башталгыч класстын мугалимдери ата-энелер менен иштеш керек. Начар окуган окуучулар менен өзүнчө дептер ачып, сабактан алып калып жетиштиргиле.

Жумалиева А. – 3-а класста Жанаев математикадан, окуу техникасы начар күнүгө текшерем, окутам 12 сөздөн ашпайт.

Карагулова А. – Башталгыч класстар көрсөтмө куралдар жок. Класстарда класстык бурчтар бүткөн эмес. Окуганыңарга бир ай болду. Класстарды иретке келтиргиле.

Оторбаева Г. – Башталгыч класста окуганды, жазганды, түшүнүгүн айтып бергенге даярдасаңар. Олимпиадага 3-4 – класстан эле даярдап баштоо керек. Кайсы предметке шыктуу, кызыгат билинип калат. Башталгыч класста ата-эне менен ишти алып барыш керек. Кудайкулова С. сөздүк менен иштөөнү колго алуу керек.

Кеңешме чечим кылат.

Чечим:

1. Башталгыч класстын мугалимдери кол жазмага көңүл буруу жана ата-энелер менен иштөөнү колго алсын.
2. Орус тил мугалимдери сөздүк менен иштөөнү жандандырып туура сүйлөөгө, жазуу иштерин жазууга көңүл бурсун.
3. Начар, шыктуу балдар менен иштөөнү бардык мугалимдер колго алсын. Билим сапатын көтөрүү милдети аткарылсын.

Каралууучу 3-маселе боюнча Г.О.Сулаймановага сөз берилди:

1-2 – чейректе усулдук бирикменин ишинин аткарылышы жөнүндө жазылган маалымдаманы окуду (тиркелет).

Кемчиликтер: Башталгыч класстар, кыргыз тил адабият бирикмелеринин жетекчилери анализдерди, маалыматтарды, дептер текшерүүнүн жыйынтыгын өз убагында беришпейт. График боюнча Кудайкулова С. ачык сабак орус тилден, тарыхтан Ырсалиев К. өткөн эмес.

Сунуш: УК, УБ-н 1-жарым жылдыкта иштелген ишин канааттандырарлык десек болот. Усулдук бирикменин жетекчилери өз убагында иштерди аткаруу менен маалыматты берип турушса. Ар бир маалымдаманы конкреттүү максаты, сунушу менен өткөрүлсө. Башталгыч класс жана кыргыз тил адабият усулдук бирикменин жетекчилерине эскертүү берилсин.

Жарыш сөздөр:

Г.М.Оторбаева – Усулдук бирикмелер графикте көрсөтүлгөн декадалар өткөрүлдү. План түзүүдө, өткөрүүдө физика предмети, тарых предмети, башталгыч класстар эң жакшы өткөрүштү. География предмети боюнча план түзүүдө мугалим Ырсалиев К. кыйналды. Бирикменин жетекчиси Карагулова А. жардам берди. Маалымдама жазууда сөзсүз максат коюу керек.

Жогоруда каралган маселеде сунуштун негизинде кеңешме чечим кылат.

1. Усулдук бирикменин 1-жарым жылдыкта аткарган иштери канааттандыраарлык деп баалансын.
2. Ар бир иштин аткарылгандыгы жөнүндө маалымдама жазууда максаты, сунушу көрсөтүлсүн. Өз убагында тапшырылсын.
3. Усулдук бирикменин башталгыч класс жана кыргыз тил адабият предметтеринин жетекчилери Тилепбергенова К., Кыйсаева Б. эскертүү берилсин.

Мектеп директору: Г.М. Оторбаева.

Катчы: М.Д.Жунушова

**Протокол № 5**

**Кемин району Шабдан Ата атындагы орто мектебинин директордун алдындагы кеңешмесинин көчүрмөсү**

Январь 2020-жыл.

Катышканы: 27 мугалим.

Каралуучу маселе:

1. Спорттук иш-чаралардын өткөрүлүшүн көзөмөлдөөнүн жыйынтыгы.
2. "Жылдын Мугалими" конкурсунун жыйынтыгы.
3. Ар кандай маселелер.

Кеңешменин жүрүшү:

Мектептин директору кеңешмени ачып каралуучу маселе жана регламентин бекитти.

Каралуучу 1-маселе боюнча мектептин директору Г.М.Оторбаева төмөнкүлөрдү билдирди:

Маалымдама окулду, тиркелет.

Жарыш сөзгө чыккандар:

Тентимишева Г. – Спорттук иш-чаралар өткөрүлүп турат жакшы. Сураныч. Физкультура сабагына эрте чыгарасыңар башка сабакка тоскоол болушун ызы-чуу болуп классына киришет.

Айдралиев Т. – 5 мүнөт эрте бүтүрөбүз формасын алмаштырып кийинип сабакка кечикпесин деп жиберебиз. Кээ бир окуучулар формасы жок келишет. Ошолорго класс жетекчилер көңүл буруп койсоңор.

Карагулова А. – Спорт боюнча биздин окуучулар жакшы эле го. К.Оторбаевдин уюштурган мелдеште 4 жылдан бери футболистер 1-орунду бербей келе жатышат.

Сунуш:

1. Окуучулардын физкультура сабагына формасы менен катыштырууну 100% колго алуу.

Чечим:

1. Окуучуларды физкультура сабагына спорттук форма менен катыштыууну класс жетекчилер көзөмөлгө алсын.
2. Класстан тышкаркы иш боюнча баскетбол, волейбол командаларын райондук, областык деңгээлге чыгаруу физкультура мугалимдерине милдеттендирилсин.

Каралуучу 2-маселе боюнча окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Г.О.Сулаймановага сөз берилди:

Угулду: "Жылдын мыкты мугалими" конкурсу өтүлүп келе жатат. Быйылкы жылы дагы өтүлдү. 1-орунга чыккан башталгыч класстын мугалими Кыйсаева Б. өрөөн боюнча өтүлүүчү конкурска катышат. Бардык мугалимдер жардам бериңиздер.

Жарыш сөздөр:

Акматканова А. – Бактыгүлгө жардам берели "Аракет кылса берекет" – дейт.

Чечим:

1. "Жылдын мыкты мугалими" конкурсуна катышуу Кыйсаева Б. жүктөлсүн.
2. Башталгыч класстын мугалимдерине "Жылдын мыкты мугалими" конкурсуна катыша турган Кыйсаевага жардам берүү милдеттендирилсин.

Каралуучу 3-маселе боюнча мектеп директору төмөнкүлөрдү билдирди:

Угулду: Азыр кыш мезгили грипп күчөп турган учур ошондуктан балдардын жылуу жүрүшүнө эшикте кар менен ойноп жатат класс жетекчилер көз салсаңар. Кытай республикасынан "Коронавирус" грипп чыкты. Алдын ала иштер жүргүзөлү. Тазалык болсун, класстарды тазалап хлоркалап тургула. Ооруган балдардын учетун күн сайын бериңиздер. Ата-энелер менен байланышып келбеген балдар эмне себептен жок билиңиздер.

Чечим:

1. Балдардын ден-соолугун, келбеген окуучунун себебин күнүгө администрацияга билдирүү жагы класс жетекчилерге милдеттендирилсин.
2. "Коронавирус" боюнча окуучуларга алдын ала иштер жүргүзүлсүн.
3. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө мектеп директоруна жүктөлсүн.

**Мектеп директору: Г.М. Оторбаева.**

**Катчы: М.Д.Жунушова.**

Протокол № 6

Кемин району Шабдан Ата атындагы орто мектебинин директордун алдындагы кеңешмеси.

Февраль 2020-жыл.

Катышканы: 27 мугалим.

Каралуучу маселе:

1. 9-10 класстарда физика, биология сабактарынан алынган тесттин жыйынтыгы.
2. Китеп фондусун кароо.

Кеңешменин жүрүшү:

Мектептин директору кеңешмени ачып каралуучу маселе менен тааныштырды.

Каралуучу 1-маселе боюнча окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Г.О.Сулаймановага сөз берилди:

Сулайманова Г.О. тесттин жыйынтыгы боюнча маалымдаманы окуду, тиркелет.

Жарыш сөздөр:

Г.М.Оторбаева – Биология сабагы боюнча 9-10 – класстарда тесттин жыйынтыгы жакшы экен.

Физика сабагы боюнча тесттин жыйынтыгы начар.

9-а класс эң начар 9-б, 10-а, 10-б – класстарынын көрсөткүчтөрү деле жакшы эмес.

Бул класстар менен иш жүргүзүү керек.

Аткулиева К. – Негизинен 9-а класс начар. Мамлекеттик экзаменди кандай беришет. Жакшы окугандары "Билимканага" кетип калышкан.

Г.А. Тентимишева – 9-а негизи начар тандалып калды. Башталгыч класстан эле начар келишкен. Аракет кылып жекече иштеп мамлекеттик экзаменди ийгиликтүү беришине кам көрөлү.

Сунуш:

1. Жетишпеген окуучулар менен жекече иштөө зарыл.
2. Шыктуу окуучулар менен иштөөнү жандандырып, олимпиадаларда алдыңкы орундарга ээ болууга даярдоо.
3. Биология, физика сабактарында практикалык иштерди колго алып кабинеттеги дидактикалык материалдарды толуктоо, жандандыруу.
4. Тест менен иштөөнү колго алуу.

Жогоруда айтылгандардын негизинде кеңешме чечим кылат.

Чечим:

1. Жетишпеген начар жана шыктуу окуучулар менен жекече иштөө колго алынсын.
2. Биология, физика сабактарында практикалык иштерди жүргүзүп, кабинеттеги дидактикалык материалдар толукталып жандандырылсын.
3. Бардык эле предметтер боюнча тест менен иштөө бардык мугалимдерге милдеттендирилсин.
4. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө Г.О.Сулаймановага жүктөлсүн.

Каралуучу экинчи маселе боюнча мектептин китепканачысы И.С.Бозумовага сөз берилди:

Китепканада жалпы китептердин саны: 7818

Адабий китептер: 3747

Окуу китептер: 4071

Таратылган китептер: 4258

Жетпеген китептер: 581.

Г.М.Оторбаева – Камкорчулар кеңеши сентябрь айында жетпеген бир нече китеп алып келип беришти. Быйылкы жылга фонд болбой калды. Мындан ары райондон берген китептерди алып турабыз. Китептерди таза кармап, айырбай окушуна бардыгыбыз эле көңүл буралы.

Карагулова А. – Китептерди парламент менен бирдикте текшерүүдө көпчүлүк китептер сыртталбайт. Класс жетекчилер көңүл бурсаңар.

Сулайманова Г.О. – Китептердин сакталышына класс жетекчи эле эмес предметник мугалимдер карасаңар, өз предметиңер боюнча китептерди алып келип окуп жатабы карасаңар болот.

Тентимишева Г.А. – Орус тил декадасында окуучуларды китепканадан китеп окугула – деп тапшырма бердик эле. Көпчүлүк окуучулар китеп алып окушту. Китепканадан адабий китептерди алдырып окуучуларга окуталы.

Кеңешме чечим кылат.

Чечим:

1. Класс жетекчилер, предметник мугалимдер китептердин сакталышына көңүл буруу көзөмөлдөө жагы милдеттендирилсин.
2. Китепканадан окуучулардын адабий китеп алып окуусуна кыргыз тилчи жана орус тилчи мугалимдер көңүл буруу жагы милдеттендирилсин.
3. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө Г.О.Сулаймановага жүктөлсүн.

Ар кандай маселелер боюнча мектеп директору төмөнкүлөрдү билдирди.

Угулду: Азыркы учурда “Коронавирус” жаңы аймактарда жайылды. Кытай, Иран, Италия....

Коронавирус: Кут билим №7 28.02.2020 ж. окуп берди, тиркелет.

Жарыш сөздөр:

Кармышева А. – Коронавирус боюнча күнүгө телевизордон деле айтып жатат. Ата-энелер деле билет болуш керек. Балдарга деле жеткизели.

Карагулова А. – Бизде жөтөлүп ооруган бала деле болгон жок. Жылда грипп учурунда окуучулар жөтөлүп калчу эле быйыл андай жок.

Кеңешме чечим кылат.

Чечим:

1. Ар бир класс жетекчи, мугалимдер коронавирустан кантип сактануу жолдорун ар бир окуучуга жеткирүү милдеттендирилсин
2. Инструкция боюнча беткап колдонуунун жолу ар бир окуучуга үйрөтүлүп жеткирилсин.
3. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө мектеп директоруна жүктөлсүн.

**Мектеп директору:** [signature] **Г.М. Оторбаева.**

**Катчы:** [signature] **М.Д.Жунушова.**